# Уурдаган кызга

**Сөзү: Түмөнбай Байзаков**
**Обону: Мирланбек Давлатов**
**Аткаруучу: Мирланбек Давлатов**

**Бейубак күйгөн өрткө жандынбы сен?**
**Башына бүркөө жоолук салдыңбы сен?**
**Аруу кез, ачык көңүл пардаланып,**
**Айрылып өз эркиңден калдыңбы сен?**

**Сулуу кыз сен,**
**жылдыз белең.**
**Сүйгөнүңдү таштап,**
**сен кеткенсиң.**
**Эми артка кайтпас**
**жаштык кезиң**

**Күлкүңдү көз жашыңа каттыңбы сен?**
**Күйүттүн керемет даамы таттыңбы сен?**
**Таалайдын таңын жүргөн чакта,**
**Тагдырдын кыйамына актыңбы сен?**

**Кайырма:**

**Кыянат кырсыгына көндүңбү сен?**
**Кайгыңды чачка кошо өрдүңбү сен?**
**Ой чырмап калган жандын жүрөгүндө**
**От күйөт! Ошол отту көрдүңбү сен?**

**Кайырма:**